**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

14-май 2024-жыл № 73 Бишкек ш.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2018-жылдын 13-мартындагы №69 «Электр энергиясын керектөөчүлөрдүн-алып кайра сатуучулардын тизмегин бекитүү жөнүндө» буйругу менен бекитилген электр энергиясын керектөөчүлөрдүн-алып кайра сатуучулардын тизмегине чарба жүргүзүүчү субъектти киргизүү жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрдагы № 192 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына жана электр энергиясына тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 28-январындагы № 4 буйругу менен бекитилген ишканаларды (мекемелерди) электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын (электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканалардын) тизмегине киргизүүнүн тартибине ылайык жана отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 14-майынан № 06/18 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2018-жылдын 13-мартындагы № 69 «Электр энергиясын керектөөчүлөрдүн - алып кайра сатуучулардын тизмегин бекитүү жөнүндө» буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жогоруда аталган буйруктун тиркемеси төмөнкүдөй пункт менен толукталсын:

| № | **Электр энергиясын керектөөчүлөр-алып кайра сатуучулардын аталышы** |
|---|---|
| 19 | «Бек-Строй плюс» ЖЧК |

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту «Кыргызстан улуттук электр тармагы» ААКтын жана «Бек-Строй плюс» ЖЧКтын дарегине жөнөтсүн.

3. Пресс-катчы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жалпыга тааныштыруу үчүн жарыяласын.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**